*Чекирова Г.К., Ашыров Э.Т.*

# МЕКТЕП БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН ФИЗИКА ЖАНА МАТЕМАТИКА ПРЕДМЕТТЕРИ БОЮНЧА ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН АНАЛИЗИ

*Чекирова Г.К., Ашыров Э.Т.*

# АНАЛИЗ УЧЕБНЫХ ДОСТИЖЕНИЙ ВЫПУСНИКОВ ШКОЛ ПО ФИЗИКЕ И МАТЕМАТИКЕ

*G.K. Chekirova, E.T. Ashyrov*

# ANALYSIS OF EDUCATIONAL ACHIEVEMENTS OF GRADUATES OF SCHOOLS IN PHYSICS AND MATHEMATICS

*УДК:378.1:519.23*

*Макалада мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн физика жана математика предметтери боюнча жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча окуу жетишкендиктеринин кыскача анализи жүргүзүлдү. Негизги көйгөйлөр аныкталды жана аны чечүүдө айрым жолдор белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *окуучу, окуу жетишкендиктер, баалоо, тест, Жалпы Республикалык Тест, анализ.*

*В работе приводятся результаты анализа Общего республиканского тестирования по физике и математике. Найдены основные проблемы и указаны пути их решения.*

***Ключевые слова:*** *учащихся, учебных достижений, оценки, тест, Общий Республиканский Тест, анализ.*

*The paper presents the results of the analysis of the General Republican testing in physics and mathematics. Found the main problems and ways of their solution.*

***Key words:*** *students, learning achievement assessment test, the General Republican Test analysis.*

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын заманбап концепциясы – бул окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштуруудагы жаңы формаларды жана инновациялык методдорду иштеп чыгуу жана практикада колдонуу. Инновациялык методдордун негизинде окуучулардын билими системдештирилгендиги, тез жана эффективдүү калыптандырылгандыгы илимий жактан далилденип келүүдө. Билим берүүнүн мазмунун модернизациялоодо окуучулардын предметтик билимдерди кабыл алууда ой-жүгүртүүсүн багыттоо чоң мааниге ээ болууда.

Азыркы мезгил баалулуктардын жаңылануу мезгили. Биздин коомго бийик дэңгээлдеги кесип ээлери жана стандарттык эмес чечимдерди кабыл ала билген, чыгармачылык ой жүгүртүүгө ээ болгон адамдар талап кылынат. Кыргыз Республикасында билим берүү системасындагы реформалардын алкагында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу компетентүүлүктүн негизинде жаңы окуу технологияларды иштеп чыгуу талабы коюлган.

Физика жана математика боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктери жылдан жылга төмөндөөдө. Буга бир катар себептер бар: ар бир окуучуну дифференцирлеп жеке окутууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу; мугалимдердин эски шаблондук технологияларды колдонулуп окутуусу; жетишсиздик материалдык-техникалык база; окуу китептердин жетишсиздиги ж.б.

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу – билим берүүнүн азыркы замандын талабына ылайык негизги чакырыктардын бири. Билим берүүнүн сапаты - окуучунун интеллектуалдык өнүгүүсүн, анын окуу предметтери боюнча жетишкендиктерин, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат. Тилекке каршы, физика жана математика предметтери боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктери төмөнкү деңгээлде болуп келүүдө. Белгилүү болгондой, физика жана математика предметтери окуучулардын жалпы ойлонуу мүмкүнчүлүгүн, логикалык жыйынтык чыгаруу жөндөмүн, мейкиндиктеги элестетүүсүн жана башка маанилүү касиеттерди калыптоочу фактор болуп саналат. Бирок, расмий маалыматтардын көрсөткөчтөрү физика жана математика предметтери боюнча окуу жетишкендиктер абдан төмөн экендигин далилдеди.

Алсак, Кыргыз Республикасында 2002-жылдан баштап жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) өткөрүлүп келүүдө. ЖТРдин негизги максаты болуп бүтүрүчүлөрдү объективдүү тестирлөөнүн негизинде мамлекеттик гранттарды бөлүштүрүү болуп эсептелинет. 2010-жылдан баштап жогорку окуу жайларга өтүү үчүн негизги тесттен сырткары предметтик тесттерди тапшыруу киргизилди. Азыркы учурда төмөнкү предметтер боюнча тесттер жүргүзүлүп жатат: математика, физика, химия, биология, тарых жана англис тили. Акыркы жылдары билим берүү жана илим министрлиги аныктаган өтүү баллы жалпы тест боюнча 110 балл, предметтик тест боюнча 60 баллды түзөт. Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун билдүрүүсүнүн негизинде акыркы үч жылдагы жалпы республикалык тестирлөөнүн предметтик тестеринин жыйынтыгы боюнча анализ жүргүзүлдү. Жалпы тестке караганда бүтүрүүчүлөр предметтик тестерди тапшырууда көбүрөөк кыйналышкандыгы байкалды. Ошол эле учурда тарых, биология, англис тили жана химия предметтери боюнча салыштырмалуу жакшы жыйынтыктар алынган. Ал эми, физика жана математика предметтери боюнча предметтик тесттердин жыйынтыктары төмөн экендиги далилденди.

Предметтик тесттер боюнча акыркы үч жылдагы жыйынтыктардын көрсөткүчтөрү төмөнкү таблицаларда келтирилген.

*Таблица1*

**2013-2015-жылдагы абитуриенттердин предметтер боюнча алган балдарынын көрсөткүчтөрү**

| Жылдар | Предметтер боюнча өтүү баллынан жогору алган абитуриенттердин саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тарых | Биология | Англис тили | Химия | Математика | Физика |
| 2013 | 16112 | 12038 | 7646 | 7822 | 6155 | 3977 |
| 2014 | 16645 | 13440 | 8259 | 8091 | 6360 | 4409 |
| 2015 | 15233 | 13021 | 8167 | 6730 | 5605 | 4043 |




Гистограмма 1. 2013-2015-жылдагы предметтер боюнча алган өтүү баллынын жогору алган абитуриенттердин саны ЖРТнын акыркы үч катар жылдардын анализи төмөнкүлөрдү берет:

- Математика жана физика боюнча өтүү баллын алган окуучулардын санынын төмөндөшү.
- Гуманитардык предметтерге салыштырмалуу өтүү баллын алган окуучулардын санынын аздыгы, тактап айтканда тарых предмети боюнча өтүү баллын алган окуучулардын 3 жылдагы орточо саны 16000, ал эми математика предмети боюнча окуучулардын орточо саны 6040 жана физика предмети боюнча окуучулардын орточо саны 4143.

Натыйжада, физика жана математика предметтерин негиз болгон адистиктер боюнча 600гө чейин гранттык орундар толбой калган. Демек, физика жана математиканы окутууда окуучунун таанып билүү ишмердүүлүгүнүн активдештирген жаңы технологияларды иштеп чыгуу жана практикага киргизүү зарыл.

Физика жана математика предметтеринен окуучулардын билиминин деңгээлинин төмөн көрсөткүчтөрүнүн негизги себептери:

- мугалимдин компетентүүлүгү (илимде жана турмушта билиминин жана тажрыйбасынын жетишпегендиги);
- мектептин материалдык-техникалык базасы (азыркы замандын талабына жооп бере албагандыгы, эскиргендиги);
- мугалимдердин мотивациясы;
- окуу программалардын сапаты (окуу куралдардын жетишпегендиги жана эскиргендиги);
- окуучулардын сабактарга кызыгуусунун жоктугу (өзгөчө математика жана табыгий илимдерге).

Азыркы мезгилде физика жана математика мугалимдеринин негизги милдеттеринин бири - окуу процессинде инновациялык технологияларды колдонуп окуучулардын компетенцияларын өнүктүрүүсү болуп саналат.

Бул багытта педагогдун ийгиликтүү иш алып баруусуна кыргыз тилинде жаны технологияларды, локалдык тармактарды уюштуруу, интерактивдүү такталарды кеңири колдонуу, атайын сайттарды иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

Кыргызстандагы физика жана математика предметтери боюнча колдонулган кыргыз тилиндеги окуу китептерине, электрондук окуу китептерине, электрондук окуу программаларына, кыргыз тилиндеги Web – сайттарга (www.edc.kg, lib.kg, Сорос-Кыргызстан фондусунун ачык билим берүү ресурстары, Кыргыз билим берүү академиясынын электрондук китептери ж.б.) анализ жүргүзүлдү. Бул электрондук ресурстарда негизинен кыргыз тилинде физика жана математика боюнча маалыматтар аз экендиги жана бир системага келтирилбегендиги аныкталды.

Физика жана математиканы окутуудагы актуалдуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткаруу керек:

1. Окуучулардын физика жана математика предметтерин өздөштүрүүдөгү кыйынчылыктарын аныктоо;

2. Физика жана математиканы окутууда жаны инновациялык технологияларды иштеп чыгуу;

3. Физика жана математика предметтери боюнча окуу компетенцияларды калыптандыруу;

4. Окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо;

5. Инновациялык методикалык колдонмолорду, дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу.

Азыркы учурда физика жана математика предметтери боюнча электрондук билим берүү порталдарын иштеп чыгуусу окуучуларга жана мугалимдерге керек экендиги аныкталды. Интернет-порталдардын негизги мазмунуна төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- Физика жана математика предметтерин окутуудагы илимий изилдөөлөрдүн практикалык аспектилери;
- Жаңы автордук программалар, окутуунун концепциялары;
- Акыркы жылдардагы чыккан адабияттар жөнүндө маалыматтар;
- Видео - сабактар, электрондук окутуу программалары;
- Заманбап педагогикалык жана психологиялык методикалар;
- Педагогикалык ишмердүүлүктөрдүн маалыматтык базасы түзүлөт: тесттик программалар, ачык сабактардын технологиясы, сабактан тышкары окутуунун методикалары, лабораториялык иштерди жүргүзүү көрсөтмөлөрү, ар түрдүү эсептердин чыгаруу жолдоруу.

Демек, бүгүнкү күндө физика жана математика предметтери боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин деңгээлин жогорлатуу үчүн жаңы инновациялык заманбап технологияларды мамлекеттик тилде иштеп чыгуусу замандын талабы. Инновациялык технологиялар системдүү түрдө республикалык деңгээлде практикага киргизилиши актуалдуу маселелердин бири.

**Адабияттар:**


1. Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору. /2015-жылы Жалпы республикалык тест жүргүзүүнүн жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы гранттык жана контракттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары. / Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун отчету/ www.testing.kg
2. Результаты Общереспубликанского тестирования и зачисления на грантовые и контрактные места вузов Кыргызской Республики в 2014 году./Отчет Центра оценки в образовании и методов обучения/ www.testing.kg
3. Результаты Общереспубликанского тестирования и зачисления на грантовые и контрактные места вузов Кыргызской Республики в 2013 году/Отчет Центра оценки в образовании и методов обучения/ www.testing.kg


**Рецензент: д.пед.н., профессор Сияев Т.М.**